КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ
ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТУ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛ АЙМАКА

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

30.10.2025 № 01-12/333 Кайрагач-Арык айылы

**Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 7- октябрындагы № 01-14/226 буйругун аткарууга алуу максатында**

Жарандардын кайрылууларына ыкчам жооп берүү, коррупциялык жана башка укук бузуулардын алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чыңдоо максатында Дөбө-коргон айыл аймагынын айыл өкмөтү **буйрук кылат:**

1. Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 7-октябрындагы №01-14/226 буйругу аткарууга алынсын.
2. Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн " Ишеним телефону" жөнүндөгү Жобө тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. "Ишеним телефонуна" жооптуу катары Дөбо-Коргон айыл өкмөтүнүн бөлүм башчысы Т.Акулов жана башкы адис М.Муминова бекитилсин
4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

Башчы У.Кадыров

Дөбө-Коргон айыл аймагынын
айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын
30 - 10. 2025 № 01-12/333
буйругуна тиркеме

Дөбө-Коргон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн "Ишеним телефону" жөнүндө
ЖОБО

I Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн "Ишеним телефонуна" (мындан ары "Ишеним телефону") карылган жарандардын кайрылууларын кабал алуу, каттоо, кайрылууну кароо тартибин аныктайт жана жарандардын укутарын, мыйзамдуу кызыклыктарын натыйжалуу коргоо, кайрылууларга ыкчам чара көрүү максатын көздөйт.
2. (03231) 5-75-54 абоненттик номурундагы "Ишеним телефону" Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жайгаштырылат.
3. "Ишеним телефону" иш күндөрү саат 8:30 дан -17:30 га чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12-00 дөн -13-00гө чейин (кышкы мезгилде 9:00 дөн-18-00 гө чейин иштейт, түшкү тыныгуу 12-30-13:30)

II.

- Жарандардын укуктарын жана мызамдуу кызыкчылыктарын коргоо, кайрылууларындагы маселелеринин чечилишине ыкчам чара көрүү;
- Дөбө-Коргон айыл өкмөтүндө, коррупциялык жана башка укук бузууларды алдын алууга багытталган чараларга жардам берүү жана чындоо;
- Дөбө-Коргон айыл өкмөтүндө мүмкүн болуучу коррупциялык көрүнүштаөр жана башка укук бузуулар фактыларын аныктоо;

III.

1. "Ишеним телефону" аркылуу жарандардын кайрылууларын кабыл алуу Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн документтик камсыздоо жана коомчулук менен байланыш бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан ишке ашырылат.
- Кызматкерлер жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, аларды тексттик формага келтирүү, жарандардын кайрылууларын кабыл алуу, аларды тексттик формага келтирүү, журналга жана элекртондук документ жүгүртүү тутумуна каттоо, Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысынын кароосуна киргизүү боюнча иштерди алып барышат.
2. "Ишеним телефону" аркылуу жарандардын ар түрдүү мазмундагы кайрылуулары жана Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн жооптуу кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин үстүнөн коорупциялык аракеттери, алар тарабынан кызматтык милдеттеринин өз учурунан кечиктирип жана сапатсыз аткаргандыктары боюнча жарандардын даттануулары кабыл алынат.
3. "Ишеним телефонуна" кайрылган жарандын кайрылуусун кабыл алуу Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлери менен жарандын диалогу түрүндө болот жана аппараттын кызматкерлери кайрылган жаранга өзүнү аты-жөнүн, кызматкерлери менен жарандын диалогу түрүндө болот жана аппараттын кызматкерлери кайрылган жарандын аты-жөнүн (мекеме-ишканалардын- уюштуру-укуктук формасын, аталышын) үй/почта датекерин, телефон номурун, кайрыллуунун мазмунун тактайт.

4. Жарандын кайрылуусунда көтөргөн маселеси Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктарына кирбеген учурда кызматкер жаранга кайсыл мекемеге, кандай тартипте кайрылуусу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү.
5. "Ишеним телефонунун" кайрылган жарандардын кайрылууларын каттоо журналы "Ишеним телефону" бөлмөдө жайгашат. Журналдын беттери номурланат жана төмөндөгүдөй графалары болот:
- катар номуру;
- кайрылуунун келип түшкөн убактысы жана дареги;
- арыз ээсынын аты-жөнү, үй/почта даректери, телефон номуру;
- кайрылуунун кыскача мазмуну;
- кайрылуунун кароонун жыйынтыгы боюнча белги.
6. "Ишеним телефонуна" кайрылган жарандардын кайрылуулары, ушул жобонун 8-пуктунда көрсөтүлгөндөрдү кошпогондо, "жарандардын кайрылууларын кароонун тартиби жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык каралат.
7. Төмөндөгү учурларда токтоосуз чара көрүү жана Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысына тезинен билдирүү талап кылынат;
- Айыл аймактын обьетилеринде терракт жасоо, уурдоо, өрттөө, архивди жок кылуу жана башка ыкмалар менен материалдык чыгым кылуу коркунучтары жаралган учурларда;
- Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткаруу учурунда ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч жаралган учурларда;
- Айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан атайлап же байкабастан кылмыш же жорук жасалган учурда;
8. Укукка каршы аракеттер даярдалып жаткандыгы, жасалгандыгы же жасалып жаткандыгы жөнүндө билдирүүлөр болгон учурда токтоосуз укук коргоо органдарына жөнөтүлүүгө жатат.

Башкы адис М.Муминова